| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VII сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2025-жылдын 4-ноябры, № 7/4 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнө таштанды ташуучу атайын техника сатып алууга Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталып жаткан долбоордун өздүк салымын айыл өкмөтүнүн бюджетинен карап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин жана Ылай-Талаа айылдык кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна -“Айылдык кеңештин компетенциясы жөнүндө” беренесинин, “Жергиликтүү бюджетти жана аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндөгү” Мыйзамынын 32-беренесинин 2 - “Тиешелүү аймактын социалдык-маданий инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизүү жөнүндөгү” бөлүмчөлөрүн жетекчиликке алып Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнө таштанды ташуучу атайын техника сатып алуу үчүн Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган бюджетинин эсебинен **936 250 ( тогуз жүз отуз алты миң эки жүз элүү )** сом акча каражатын өздүк салымдан төлөп берүү жагы Ылай-Талаа аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**